# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЕХНИКАЛЫК ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН АЛЬЯНСЫ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМ

Бишкек ш. «31» 01 2025 ж.

1. Кыргыз Республикасынын техникалык окуу жайларынын Альянсы жөнүндө ушул келишим (мындан ары – Келишим) Кыргыз Республикасынын төмөнкү техникалык окуу жайларынын ортосунда алардын билим берүү, илимий жана кесиптик мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү максатында түзүлдү:

- И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети;
- И. Абдраимов атындагы Кыргыз авиациалык институту;
- М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университети;
- К. Көлбаев атындагы Бишкек автомобил-жол колледжи;
- Бишкектеги курулуштагы архитектура жана менеджмент колледжи;
- М.Т. Ибрагимов атындагы Кара-Балта техникалык экономикалык колледжи;
- У.Усубалиев атындагы Токмок индустриялык-педагогикалык колледжи
- К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетининТокмоктогу колледжи; (мындан ары – "Тараптар").

2. Келишимдин негизги предмети болуп Кыргыз Республикасынын техникалык окуу жайларынын Альянсын (мындан ары – Альянс) түзүү жана уюштуруу саналат, анын координатору - Кыргыз мамлекеттик техникалык университети (мындан ары – КМТУ).

3. Альянс түзүү үчүн юридикалык негиз болуп, Келишимдин катышуучуларынын статусу, алардын Уставында көрсөтүлгөн, укуктары жана функциялары эсептелет.

4. Альянс теңдик, өз ара урматтоо жана жалпы максаттарды жетүүгө болгон биргелешкен жоопкерчилик принциптерине негизделет.

**5. Альянстын максаттары**

5.1. Билим, тажрыйба жана ресурстарды алмашуу аркылуу техникалык билим берүүнүн сапатын жогорулатуу.

5.2. Илимий изилдөөлөр жана инновациялар үчүн платформа түзүү.

5.3. Заманбап эмгек рыногунун талаптарына жооп берген кадрлардын потенциалын жогорулатуу.

5.4. Билим берүү деңгээлдери (колледж-университет) арасында байланыштарды чыңдоо.

5.5. Биргелешкен билим берүү прораммаларын жана илимий долбоорлорду ишке ашыруу.

5.6. Окуу жана илимий инфраструктураны натыйжалуу пайдалануу.

5.7. Жумуш берүүчүлөр жана индустрия менен кызматташтыкты өнүктүрүү.

5.8. Өнөктөштүктө өндүрүүчү жана кызмат көрсөтүүчү долбоорлорду ишке ашыруу.

**6. Кызматташуу принциптери**

6.1. Кызматташуунун ыктыярдуулугу.

6.2. Тараптардын укуктары жана милдеттери боюнча теңдик.

6.3. Чечимдерди кабыл алуу процессинде ачыктык.

6.4. Ар бир Тараптын академиялык эркиндигин урматтоо.

6.5. Биргелешкен ресурстарды натыйжалуу жана рационалдуу колдонуу.

**7. Өз ара аракеттенүүнүн формалары**

7.1. Биргелешкен конференциялар, форумдар, конкурстар жана олимпиадаларды уюштуруу.

7.2. Биргелешкен билим берүү программаларын, анын ичинде дистанциялык окутуу курстарын жана стажировкаларды ишке ашыруу.

7.3. Биргелешкен билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу жана окуу пландары менен алмашуу.

7.4. Инновациялык долбоорлорду иштеп чыгуучу илимий консорциумдарды түзүү.

7.5. Студенттердин, окутуучулардын жана илимий кызматкерлердин академиялык мобилдүүлүгүн камсыз кылуу.

7.6. Инфраструктураны биргелешип пайдалануу, анын ичинде:

• Илимий лабораториялар жана изилдөө борборлору.

• Заманбап жабдуулар менен жабдылган окуу аудиториялары.

• Китепканалар, электрондук ресурстар жана маалымат базалары.

• Техникалык камсыздоо борборлору жана инженердик устаканалар.

• Студенттер жана окутуучулар үчүн спорттук, маданий жана коомдук жайлар.

**8. Альянстын уюштуруу структурасы**

8.1. Координациялык кеңеш – Альянстын жетекчи органы, бардык Тараптардын өкүлдөрүн камтыйт.

8.2. Иш топтору – конкреттүү долбоорлорду (илимий, билим берүү, уюштуруу, өндүрүш) ишке ашыруу үчүн түзүлөт.

8.3. Альянстын Катчылыгы – Тараптар ортосунда оперативдүү байланыш жана иш кагаздарын айлантууну камсыз кылат.

**9. Катышуучулардын милдеттери**

9.1. Биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу үчүн ресурстарды (маалыматтык, материалдык, кадрдык) камсыз кылуу.

9.2. Окутуу жана изилдөө боюнча алдыңкы методикалар менен бөлүшүү.

9.3. Альянстын иш-чараларына катышуу.

9.4. Жумуш берүүчүлөр жана өнөр жай менен кызматташтыкты өнүктүрүү.

9.5. Альянстын Тараптарына келишүү жана белгиленген графикке ылайык өз инфраструктурасына жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.

9.6. Биргелешип колдонулуучу инфраструктуранын иш абалын камсыздап туруу.

**10. КМТУнун Альянс координатору катары милдеттери**

10.1. Окуу программаларын жана демилгелерди Тараптар арасында координациялоо.

10.2. Тараптар арасында тажрыйба алмашууну жана мыкты практикаларды өткөрүүнү уюштуруу.

10.3. Альянс үчүн жаңы өнөктөштөрдү издөө жана тартуу.

10.4. Альянс жөнүндө Жобону жана анын Өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуу.

10.5. Тараптардын кызыкчылыктарын мамлекеттик органдар жана башка тараптар алдында коргоо.

10.6. Альянстын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу.

11. Каржылоо

11.1. Каржылоо булактары:

• Альянстын катышуучуларынын ыктыярдуу салымдары;
• улуттук жана эл аралык уюмдар тарабынан берилген гранттар;
• спонсордук колдоо.

11.2. Биргелешкен инфраструктуранын чыгымдары жана кирешелери кошумча келишимдерге ылайык бөлүштүрүлөт.

**12. Альянска кирүү жана чыгуу**

12.1. Окуу жайлары Альянска жазуу жүзүндө билдирүү берип жана Координациялык кеңеш тарабынан бекитилип кире алышат.

12.2. Тараптын арызы менен 3 айлык эскертүү менен Альянстан чыгуу мүмкүн.

**13. Келишимдин күчүнө кириши**

13.1. Бул Келишим бардык Тараптар тарабынан кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

13.2. Мөөнөтү – мөөнөтсүз, өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү мүмкүнчүлүгү менен.

**14. Жыйынтыктоо жоболору**

14.1. Бардык пикир келишпестиктер жана талаштар Тараптар арасында сүйлөшүүлөр аркылуу чечилет.

14.2. Бул Келишим бардык Тараптар үчүн бирдей юридикалык күчкө ээ болуп түзүлгөн.

14.3. Келишим мамлекеттик жана расмий тилдерде жети экземплярда түзүлүп, ар бир Тарап үчүн бирден экземпляр берилет.

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин ректору

_______________

М.К. Чыныбаев
Бишкек ш.
Ч.Айтматов пр., 66
тел.: +996 545125
сайт: www.kstu.kg

И.Абдраимов атындагы Кыргыз авиация институтунун ректору

_______________

У.Э. Курманов
Бишкек ш.
Лущихин көч., 60
тел.: +996 418038
сайт: www.kai.kg

М.М. Адышев атындагы Ош техникалык университетинин ректору

_______________

Ж.Ж. Турсунбаев
Ош ш.
Исанов көч., 81
тел.: +996 (3222) 4 3883
сайт: www.oshtu.kg

Бишкектеги курулуштагы архитектура жана менеджмент колледжинин директору

_______________

Э.А. Чалова
Бишкек ш.
Л.Толстой көч., 62
тел.: +996 590040
сайт: www.bkams.kg

К.Колбаев Бишкек автомобиль-жол колледжинин директору

_______________

М.М. Долотов
Бишкек ш.
Ч.Айтматов пр., 52
тел.: +996 755 105155
сайт: www.badk.kg

М.Т. Ибрагимов атындагы Кара-Балта техникалык-экономикалык колледжинин директору

_______________

А.С.Макенова
Кара-Балта ш.
Кожомбердиев көч., 95
тел.: +996 (3133) 47489
сайт: www.ktec.kg

У.Усубалиев атындагы Токмок индустриалдык-педагогикалык колледжинин директору

_______________

Б.А. Бейшеев
Токмок ш.
Шамсинская көч., 35
тел.: +996 (3138) 32816
сайт: www.tipk.kg

К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин Токмоктогу колледжинин директорунун м.а.

_______________

Ж.Д. Макеева
Токмок ш., Гагарин көч., 71
тел.: +996 (3138) 35329
сайт: www.tk.knau.kg

Кол коюу датасы:
2025- жылдын «_31_» _01_______